**Социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын кезектеги жыйынынын №6 протоколунан**

**КӨЧҮРМӨ**

2026-жылдын 16-январы
Ош шаары, ЭМФ 2, 201-каана
Төрага – каф.башчысы Амиралиев С.М.
Катчы – Исаева М.А.
Катышкандар: 19
Келбегени: жок

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. 2026-2027-окуу жылы үчүн дарылоо иши адистиги (GM560001) боюнча кафедранын элективдүү дисциплиналар каталогун (КЭДди) талкуулоо жана сунуштоо.

**1.УГУЛДУ:**

**Кафедра башчысы ф.и.д, доцент С.М.Амиралиев** күн тартибинде каралуучу маселе менен кафедранын окутуучуларын тааныштырып өттү жана элективдүү дисциплиналар каталогу боюнча окутуучулардын ой-пикирлерин билдирүүлөрүн сунуштады.

**1.СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

**Улук окутуучу А.Маматова:** – 2026-2027-окуу жылы үчүн биз кыргыз тили дисциплинасына байланыштуу саламаттык сактоодо коммуникация көндүмдөрү аталышындагы дисциплинасын сунуштайбыз. Аталган дисциплинанын негизин медицина багытында окуган чет өлкөлүк студенттердин өндүрүштүк практикаларын Кыргызстанда өтөөсү жөнүндөгү буйрук болуп саналат. Чет өлкөлүк студенттердин бейтап менен баарлашуу, коммуникация сыяктуу көндүмдөрүн калыптандырат. Студент кыргыз тили боюнча алган билимдерин аталган дисциплинада улантат, бекемдейт. Андыктан аталган дисциплинаны сунуштайбыз.

**1.СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

**Окутуучу Бусурманкул кызы Мээримгүл:** – 2026-2027-окуу жылы үчүн биз виртуалдык бейтаптар менен клиникалык байланыш деп аталган дисциплинаны сунуштайбыз. Бул дисциплинанын максаты виртуалдык симуляцияларды, эмпатияны, кесипкөй жүрүм-турумду жана клиникалык ой жүгүртүүнү колдонуу менен студенттердин бейтаптар менен эффективдүү клиникалык баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүү болуп саналат. Андыктан аталган дисциплинаны киргизүүнү сунуштайбыз.

**1.СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

**Ф.и.к., доцент Г.Орунбаева:** – Биз биоэтика деп аталган дисциплинаны элективдүү дисциплиналар каталогуна киргизүүнү сунуштайбыз. Сунушталып жаткан дисциплинанын максаты студенттердин кесиптик медициналык практика үчүн зарыл болгон гуманитардык

Scanned with CamScanner

жана этикалык ой жүгүртүүсүн, ошондой эле эффективдүү баарлашуу жана негизделген клиникалык жана этикалык чечимдерди кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүү болуп саналат. Биз аталган дисциплинаны сунуштайбыз.

**1.СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

**Улук окутуучу Б.Адылбекова:** – 2026-2027-окуу жылы үчүн биз медицинанын тарыхы аталышындагы дисциплинасын сунуштайбыз. Аталган дисциплинанын негизин адамзаттын бүткүл тарыхындагы дүйнө элдеринин дарылоо, медицина жана медициналык ишмердүүлүгүнүн тарыхын, мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана логикасын изилдөө түзөт. Андыктан аталган дисциплинаны сунуштайбыз.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен кафедранын отуруму төмөнкүдөй

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2026-2027-окуу жылы үчүн дарылоо иши адистиги (GM560001) боюнча кафедранын элективдүү дисциплиналар каталогу (КЭД) талкууланды деп эсептелсин.
2. 2026-2027-окуу жылы үчүн дарылоо иши адистиги (GM560001) боюнча кафедранын элективдүү дисциплиналар каталогуна саламаттык сактоодо коммуникация көндүмдөрү, виртуалдык бейтаптар менен клиникалык байланыш, биоэтика, медицинанын тарыхы дисциплиналары сунушталсын.

Төрага: Каф.башчысы Амиралиев С.М.

Катчы: Исаева М.А.

2026-жылдын 16-январы

Scanned with CamScanner